Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

К. Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

**Д 12.20.614 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 343.123.66*

**Кушбаков Чыңгыз Замирбекович**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-ПРОЦЕССУАЛДЫК МЫЙЗАМДАРЫНДА ЖЕКЕ АЙЫПТОО ИНСТИТУТУНУН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ (ТАРЫХЫЙ, УКУКТУК ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ )

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

юридикалык илимдин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

**Жалал-Абад – 2021**

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин “Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы” кафедрасында даярдалган.

**Илимий жетекчиси:** **Кулдышева Гүлсара Кенжеевна**
юридика илимдеринин доктору, профессор,
Ош мамлекеттик университети,
юридикалык факультеттин деканы

**Расмий оппоненттери**: **Насбекова Саткынай Калыбековна**
юридика илимдеринин доктору
Эл аралык башкаруу, укук, финансы жана бизнес академиясынын профессору
**Мажитов Бакытбек Омурзакович**
юридика илимдеринин кандидаты, К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин жарандык укук жана процесси кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү уюм:** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин генерал-майор Э.Алиев атындагы мамлекеттик-укуктук дисциплиналар кафедрасы. Дареги: 720083, Бишкек ш., Ч.Валиханов көч., 1А.

Диссертация 2021-жылдын 25 ноябрында саат 12.30да Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине, К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетине жана Кыргызстан эл аралык университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.20.614 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720900, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57.

Диссертация менен Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (720900, Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 57), К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин (720900, Жалал-Абад ш., Жеңижок көчөсү, 30) жана Кыргызстан Эл аралык университетинин (720007, Бишкек ш., Л.Толстой көчөсү, 17А/1) китепканаларынан, ДКтин сайтынан: http://www.jagu.kg таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 22 октябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
юридика илимдеринин кандидаты **Н. А. Пазылов**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**Жазык-процессуалдык мыйзам актылары акыркы жылдары олуттуу өзгөртүүлөргө дуушар болууда. Мындай өзгөрүүлөрдүн бири катары жазык-процессуалдык мыйзамдарындагы жеке айыптоо институтун айтууга болот.

Бул институт Кыргызстандагы өтө жаш тармак болуу менен толук кандуу теоретикалык, усулдук, процессуалдык жактан иштелип чыга элек.Ошондой эле бул институт ата-мекендик окумуштуулар тарабынан диссертациялык деңгээлде изилдене элек.

Мына ошондуктан бул институтту изилдөөнүн предмети катары кароо учурдагы теоретикалык,процессуалдык көйгөйлөрүн талдоо, чечмелөө талашсыз изилдөөнүн актуалдуулугун түзөт.

Акыркы жылдардагы жазык укугун жазык процессуалдык укугун реформалоо боюнча аракеттер да бул теманын изилденүүсүнүн актуалдуулугун түзүүдө.

Ошону менен бирге, жүргүзүлүп жаткан реформаларда жазык-процессуалдык мыйзам актыларында жеке айыптоо институтунун андан ары жакшыртуунун теориялык жана процессуалдык көйгөйлөрүнүн келип чыгышы да шарттайт.

Атап айтканда, жеке айыптоо институтунун теориялык, процессуалдык негиздери ата мекендик юридикалык илимде жеткиликтүү изилденген эмес;жеке айыптоонун теориялык концептуалдуу жоболорунун улуттук мыйзам актыларына шайкештиги жок; жеке кызыкчылыктар менен жалпы ачык кызыкчылыктардын критерийлери толук иштелип чыгарылбаган; жеке айыптоонун материалдык жана процессуалдык негиздери толук кандуу градация болгон да эмес;процессуалдык мыйзамдар тутумундагы жеке айыптоо институту жалпы ачык айыптоо нормалары менен биргеликте каралып өз алдынча бөлүмдө каралбаган;жеке кызыкчылыктар менен жалпы ачык кызыкчылыктардын катышын шайкеш келтирүүнүн теориялык негиздери да иштелип чыккан эмес.

Мындан сырткары, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын жазык, жазык-процессуалдык кодекстеринин жаңы долбоорлорун талкуулоо жана кабыл алуу процесси жүрүп жатат. Бул процесстин алкагында айрым эксперттер долбоорлорго карата өздөрүнүн сын пикирлерин да айтышууда. Алардын көз-карашында, жаңы долбоорлордо жарандардын укуктары кыскарууда, гуманизация процесси төмөндөп, коррупциянын пайда болуу тобокелчилиги да орун алууда. Ал эми жазык жана жазык-процессуалдык кодекстеринин жаңы долбоорлорунун демилгечилери мыйзамдардагы өзгөртүүлөрдү сот адилеттиги тутумунда жана укук коргоо чөйрөсүндө жүргүзүлүп жаткан реформалардын натыйжалуулугунун төмөндүгү менен негиздеп келишет [*https://cabar.asia/ru/novoe-ugolovnoe-zakonodatelstvo-kyrgyzstana-otkat-nazad-ili-kurs-na-rezultativnost*].

Арийне, жеке айыптоо институтунун бул жана жана башка ушул сыяктуу көйгөйлөрү изилденип жаткан институттун пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн принциптери менен факторлорун, ошол эле учурда, анын теориялык негиздерин терең илимий талдоону талап кылат. Ошону менен бирге, изилдөөнүн жыйынтыктарына таянып, жеке айыптоо институтунун укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды жана сунуштамаларды иштеп чыгууну да талап кылат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгелүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин **максаты** болуп, Кыргыз Республикасында жеке айыптоо институтунун пайда болуу жана өнүгүү эволюциясынын теориялык жана укуктук негиздерин, анын заманбап тенденцияларын аныктоо жана аны жөнгө салуу механизмин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Максатка ылайык, изилдөөнүн алдына төмөнкү **негизги милдеттер** коюлду:

-жеке айыптоо институту түшүнүгүн, анын маңызын жана мазмунун ачып берүү;

-жеке айыптоо институтунун методологиялык жана теориялык концепцияларын изилдөө;

-адат укугундагы жазыктык куугунтуктоонун жеке укуктук башаттарын изилдөө;

-совет мезгилиндеги жеке айыптоо институтунун өнүгүү тенденцияларын талдоо;

-жеке айыптоонун өнүгүүсүнүн заманбап тенденцияларын талдоо;

-жеке айыптоо институтунун көйгөйлөрүн аныктоо жана талдоо жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы Кыргызстандагы алгачкы жеке айыптоо институтун теориялык негиздерин комплекстүү талдоого алынганды менен, жеке айыптоонун Кыргызстандын процессуалдык мыйзамындагы ордун аныктоо менен, анын теориялык укуктук концепцияларын, усулдарын, пайда болуу жана өнүгүү тенденцияларын, азыркы учурдагы актуалдуу көйгөйлөрүн аныктоо менен аны жөнгө салууну жакшыртуунун жолдорун иштеп чыгарылгандыгы менен түшүндүрүлөт.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен аныкталат:

биринчиден, жеке айыптоо түшүнүгүнүн автордук аныктамасы берилди;

экинчиден, жеке айыптоонун институционалдык мүнөзү негизделди;

үчүнчүдөн, жеке айыптоонун спецификалык белгилери ачыкталды жана аныкталды;

төртүнчүдөн, жеке айыптоо институтунун совет мезгилиндеги өнүгүү тенденциялары негизделди;

бешинчиден, жеке айыптоо институтунун заманбап өнүгүүсү мамлекеттик-укуктук специфика менен тыгыз айкалыштыгы негизделди;

алтынчыдан, жеке айыптоо институтунун көйгөйлөрүнүн материалдык жана процессуалдык аспекттери ачыкталды жана негизделди;

жетинчиден, жеке айыптоо институтун жөнгө салуу принциптерин жакшыртуу боюнча бир катар практикалык сунуштар иштелип чыгарылды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жоболор, тыянактар менен сунуштар укуктун теориясын, жазык, жазык-процессуалдык укуктун теориясын мындан ары өнүктүрүүдө; бул багытта максаттуу изилдөөлөрдү жүргүзүүдө; мыйзам чыгаруу, укукколдонуу, билим берүү чөйрөсүндө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын тиешелүү жоболору менен тыянактары Кыргыз Республикасында укуккоргоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырууда, айрыкча жеке кызыкчылыктар чөйрөсүн жана ошону менен бирге мамлекеттик-укуктук саясатта, мыйзам чыгарууда, кылмыштуулукту алдын алуу ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган жоболор, корутундулар, тыянактар жогорку окуу жайларындагы окуу процессинде, анын ичинде «Укуктун теориясы», «Укуктун тарыхы», «Жазык укугу», «Жазык-процессуалдык укугу» курстарын өтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого чыгарылуучу негизги жоболору:**

1. Жеке айыптоо түшүнүгүнүн автордук аныктамасы берилди.

Ага ылайык, жеке айыптоо– процессуалдык укуктун диспозитивдик принциптерине негизделген, физикалык же юридикалык жакка, алардын өкүлдөрүнө карата айыптоонун формасы; жабырлануучунун эркинин автономиялуулугуна негизделген, кылмыштык куугунтуктоонун формаларынын бир түрү.

2. Жеке айыптоонун институционалдык мүнөзү негизделди.

Жеке айыптоо институтуна тутумдук түзүмдүк жандашуу аны жалпы ачык куугунтукта бир элемент катары таанууга мүмкүнчүлүк берип, анын укуктук табиятын өз алдынча институт катары кароого мүмкүнчүлүк берет. Жеке айыптоонун институт катары таанылышына анын уюшумдук элементтеринин болушу, башкача айтканда, аныкталган коомдук мамилелерди орнотуу жана колдоо, анын мазмуну, мүнөзү жана динамикасы уюшумдук биримдикти жана бүтүндүктү түзөт.

Жеке айыптоонун теориялык укуктук концепцияларын талдоо анын укуктук табиятынын эки ача мазмунга ээ экендигин ачыктап, материалдык укуктук жана процессуалдык укуктук аспектиде карап, материалдык укуктук негизи процессуалдык форманын ажырагыс каражаты катары кызмат кылат. Жеке айыптоо боюнча кылмыштар чөйрөсүн мыйзам чыгаруучу аныктоодо маанилүү болгон үч белгиге басым жасаганы ачыкталды: биринчиси- коомго коркунучтуулук даражасы,экинчиси - кол салуу обьектиси,үчүнчүсү - кол салуу боюнча жабыр тарткан жактын субьективдүү оюю.

Жеке айыптоонун процессуалдык жактан кароо төмөнкү белгилер менен мүнөздөлөт:

-жеке айыптоо боюнча куугунтукка алуу диспозитивдүү усул аркылуу жөнгө салынган;

-жеке айыптоо боюнча ишти козгоо жабырлануучунун эркинин автономиялуулугуна ээ;

-жеке айыптоо боюнча даттанууну эки формада: түздөн түз( жабырлануучу өзү); кыйыр формада( мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан ишке ашырылат;

-жеке айыптоонун процессуалдык теорияларда камтылган субцидиардык айыптоого мүнөздүү элементтерди камтыйт (жабырлануучунун мүмкүнчүлүгү толук кандуу жетишсиз болгондо прокурор тарабынан коргоого алынышы) жеке ачык айыптоо формасы.

3.Жеке айыптоонун спецификалык белгилери ачыкталды жана аныкталды.

Кыргыздардын адат укугундагы жеке башталыштарды изилдөө төмөнкүлөрдү ачыкка чыгарды жана жеке айыптоого мүнөздүү болгон белгилер аныкталды. Аларга:

-жазык ишин козгоо, далилдерди чогултуу доогерге жүктөлүшү;

-жазык ишинин жабырлануучунун же анын өкүлдөрү тарабынан гана козголушу;

-доогер тарабынан козголгон кылмыш иштери боюнча судья тарабынан жараштыруу процедураларынын каралышы.

4. Жеке айыптоо институтунун совет мезгилиндеги өнүгүү тенденциялары негизделди.

Кыргызстандын совет мезгилиндеги процессуалдык мыйзам актыларынын өнүгүүсү борборлоштурулган бийлик тутуму менен бирдиктүү укуктук алкакта өнүккөндүгү байкалат.Анын ичинде жеке айыптоо институтунун өнүгүүсү дагы советтик укуктук доктриналар менен чырмалышкан абалда болгон.Жеке кызыкчылыктар чөйрөсү бир канча кысымдуу абалда калуу менен жалпы ачык айыптоонун басымдуулук кылышы мүнөздүү.

5.Жеке айыптоо институтунун заманбап өнүгүүсү мамлекеттик-укуктук специфика менен тыгыз айкалыштыгы негизделди.

Жеке айыптоонун азыркы мезгилдеги өнүгүү тенденциялары жалпы укуктук тутумдун өнүгүү тенденциялары менен тыгыз байланышта болуп, эл аралык укуктук стандарттардын алкагында өнүгүүсү байкалды.

Жеке айыптоонун улуттук мыйзам актыларындагы өнүгүү тенденциялары ошол өлкө тутунган укуктук системадан, мамлекеттик саясий режимден көз карандуулукта экендиги ачыкка чыкты.

6. Жеке айыптоо институтунун көйгөйлөрүнүн материалдык жана процессуалдык аспекттери ачыкталды жана негизделди.

Жеке айыптоо институтунун көйгөйлөрү анын укуктук табияты менен мүнөздөлүп, материалдык жана процессуалдык аспекттер аркылуу ачыкка чыгат. Көйгөйлөрдүн материалдык укуктук аспекттери негизинен жеке

айыптоо аркылуу куугунтукка алынуучу жоруктардын,кылмыштар чөйрөсүн аныктоо критерийлери, кол салуу обьектилери менен мүнөздөлөт.

Жеке айыптоонун процессуалдык көйгөйлөрү жабырлануучунун процессуалдык аракет жөндөмдүүлүгү, анын кылмыш куугунтугуна алуудагы процессуалдык укуктары,түшүнүк аппараттары, жазык процессиндеги кайрылуунун формалары,жабырлануучунун укуктук статусунун аныктоо менен байланышкан.

7.Жеке айыптоо институтун жөнгө салуу принциптерин жакшыртуу боюнча бир катар практикалык сунуштар иштелип чыгарылды. Алар:

-жеке жана жалпы коомдук айыптоонун ортосундагы катышынын оптималдуу чегин аныктоого;

-жеке айыптоо боюнча өзүнчө маалыматтык статистиканы түзүүгө;

-жашы жете элек жабырлануучунун жазык-процессуалдык аракетти козгоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кыла турган жашын белгилөөгө;

-жазык-процессуалдык мыйзамдарда жеке айыптоо боюнча алдын ала тергөө жүргүзүү укугун бекитүүгө багытталышкан.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы.** Диссертация өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. Диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжасы, анын теориялык тыянактарын, корутундусун, негизги жоболорун кошкондо, практикалык сунуштар автор тарабынан жекече алынган жана негизделген.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы.** Диссертация Ош мамлекеттик университетинин «Укуктун жана мамлекеттин тарыхы жана теориясы» кафедрасында даярдалган, «Укуктун жана мамлекеттин тарыхы жана теориясы», «Кылмыш-жаза укугу жана процесси» кафедраларында талкууланган жана коргоого сунушталган.

Илимий иштин натыйжалары бир канча республикалык, эл-аралык илимий-практикалык конференцияларда (АКШ, Германия, Россия) макала иретинде жарык көргөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу**. Негизги теориялык тыянактар жана жоболор Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын тизмегине кирген жана ошондой эле РИНЦ басылмаларында жарыяланган сегиз макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч бапты, алты бөлүмдү камтыган негизги бөлүктөн, тыянактардан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу негизделген; иштин максаттары жана милдеттери аныкталган; илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси мүнөздөлгөн; коргоого коюлуп жаткан негизги жоболор баяндалган; изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы, диссертациянын

жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу, диссертациянын түзүмү жана көлөмү көрсөтүлгөн.

**Биринчи бап «Жеке айыптоо институтунун теориялык-укуктук концепциялары»** эки бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүмдө «Жеке айыптоо институтунун түшүнүгү»** жеке айыптоо институтутун түшүнүк аппараты, алгачкы айыптоонун формалары, учурдагы мыйзамдык бекилиши талдоого алынат.

Жазык-процессуалдык мыйзам актыларынын көйгөйлөрүн изилдөөдө баштапкылардан болуп түшүнүк аппараты саналат. Биз талдоого алгандай, жеке айыптоо менен байланышкан мыйзам актыларында түшүнүк категориялары берилгендиги менен мүнөздөлөт. Бул өз кезегинде жеке айыптоо мамилелер чөйрөсүндөгү түшүнүктөрдүн мазмуну, көлөмү жагынан бир топ масштабдуу экендигин айгинелейт.Мына ошондуктан, жеке айыптоо боюнча  түшүнүк аппараттарын иштеп чыгуу биринчи кезекте жазык-процессуалдык кодексинде бирдей кабыл алууну камсыз кылуу максатында түшүнүк аппаратын жөнгө салуу зарыл деп эсептейбиз.

Жеке айыптоо менен байланышкан «жеке айыптоо», «жеке айыптоочу», «кылмыш куугунтугу», «жабырлануучу» сыяктуу түшүнүктөрдө так аныкталган критерийлер, анын формасы жана мазмундук жактары боюнча көз караштар юридикалык илимде анын ичинде укук теориясында, жазык-процессуалдык теориясында бир канча талаш-тартыштуу экендиги өз кезегинде окумуштуулардын бир канча кызыгуусун жаратат.

Автордун оюбоюнча, «жеке айыптоо» түшүнүгүн талдоодон алдын айыптоонун тарыхый формалары менен бирдикте азыркы мезгилдеги классификациянын концепцияларын талдап өтүү бир топ алгылуктуу.

Эң алгачкы жеке айыптоо менен байланышкан эскерүүлөр XX кылымдын башында Батыш Европа мамлекеттеринин кодекстеринде кездешет. Ошону менен бирге, жеке айыптоо бир канча узак тарыхка ээ болуу менен  азыркы мезгилге чейин өз актуалдуулугун жоготкон жок.

Советтик чоң энциклопедияда «жеке айыптоо» түшүнүгү жабырлануучунун даттануусу менен гана козголуучу кээ бир категориядагы кылмыш иштери, жабырлануучу менен айыпталуучунун өз ара ынанымга келүүсү менен жоюлушу мүмкүн деп жазылган[*Современный толковый словарь, БСЭ. 2003. С.234.*].

Өндүрүштүн бул формасы өз алдынча кароонун негизи катары жасалган кылмыштар бир аз коомго коркунучтуулугу, жабырлануучунун айыпталуучуну жоопко тартуу боюнча жеке кызыкчылыктарын кошот[*Куленкова м.п. особенности рассмотрения дел частного обвинения в суде первой инстанции.  Вестник удмуртского университета 2011. вып. 1 экономика и право.С.152*]. Бул негиздер бирге чогуу жана ошондой эле өз алдынча каралышы мүмкүн.

Атайын булактарды талдоо көрсөткөндөй, жеке айыптоо түшүнүгү бир канча бай тарыхка ээ экендиги менен бирдикте, көптөгөн мыйзам актыларында орун алгандыгын далилдейт.

Ошол эле учурда, жеке айыптоо түшүнүгү бир канча маанилүү, мазмундуукелет, аларды жалпылап, автор төмөндөгүдөй тыянакка келген.

Жеке айыптоо кылмыш куугунтугунун бир формасы катары, жазык сот өндүрүшүнүн өзгөчө категориясы, аныкталган кылмыштар боюнча кылмыш куугунтуна алынарыжабырлануучун эркине көз карандуулугу, тараптардын макулдашуусу менен анын жоюлушу, жабырлануучу же анын өкүлдөрү тарабынан айыптоону колдоо мүмкүнчүлүгүн ачыкка чыгарат.

Башкача айтканда, азыркы мезгилдеги жеке айыптоонун мазмундук жактарынын маанилүү элементтерин камтыгандыгын айта кетүү орундуу. Ошону менен бирдикте, өз алдынча жазык өндүрүшү катары таанылгандыгы бул институттун бир канча узак мөөнөттөрдөн бери өкүм сүргөндүгүн далилдейт.

Жазык процессине бир канча көрүнүктүү эмгек сиңирген окумуштуу М.С.Строгович жеке айыптоону «бул жабырлануучу тарабынан колдоого алынган кылмыш куугунтугунун бир формасы катары карап,ал жабырлануучунун даттануусу менен гана козголуп,ал тарабынан ишке ашырылып, тараптардын жарашуусу менен жазык процессинин ар кандай баскычында жоюуга болорун жазган[*Строгович М.С. Курс советского уголовного процесса. М., 1958. С.101.*].

Ал эми В.З. Лукашевич «жеке айыптоо аныкталган категориядагы жазык иштерин өзгөчө тартипте караган, аны козгоо бир гана жабырлануучунун арызы менен гана мүмкүн экендигин» белгилейт. [*Лукашевич В.З., Катькало С.И. Судопроизводство по делам частного обвинения. Л., 1972. С.29.*].К.Ф. Гуценконун ою боюнча, жеке айыптоо иштери боюнча жабырлануучу айыптоону колдоо укугуна ээ [*Гуценко К.Ф. Частное обвинение в советском уголовном процессе // Советское государство и право. 1957. №10. С.47*].

Мындан келип чыккандай, жеке айыптоо түшүнүгүн талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берди:

- биринчиден, жеке айыптоо айыптоо менен тыгыз байланышта;

-экинчиден, ал өзүнчү топтогу мамилелерди жөнгө салат;

-үчүнчүдөн, жабырлануучунун демилгеси менен гана козголот;

-төртүнчүдөн, өз ара тынымга келүү мүмкүнчүлүктөрү каралган.

**Экинчи бөлүмдө– “Жеке айыптоо институтунун методологиялык жана теориялык-укуктук концепциялары”–** автор жеке айыптоо институтун изилдөөнүн усулдук жактары менен бирдикте анын теориялык-укуктук концепцияларын талдоого алган.

Теориялык илимде, кылмыш теориясында, жазык-процессуалдык теорияда жеке айыптоо институтунун концептуалдык теориялары толук бойдон ачылып бериле электиги бул механизмдин процессуалдык мыйзам актысында жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоодо толук өзүнү көрсөтө албай келе жатат.

Жеке айыптоо институтунун укуктук табияты бир канча татаал болгондуктан анын мазмундук жактарын өз алдынча жалпы ачык айыптоодон бөлүп кароо үчүн жеткиликтүү негиздердин жоктугун ачыкка

чыгууда. Ошондой болсо да, азыркы мезгилге чейинки жеке айыптоо институту боюнча иштелип чыккан теориялык иштемелерди, концепцияларды, тыянактарды терең талдоо учурдагы теориялык илимде жана укук колдонуу практикасында маанилүү ролду ойнойт.

Изилдөөнүн обьектиси жалпы кылмыш куугунтугу менен байланышып татаал тутумдугун, органикалык биримдикке ээ болгон элементтерден турарын эске алганда, изилдөөнүн тутумдуу- түзүмдүк усулу бир канча мааниге ээ.

Жеке айыптоо институтунун түзүмү эки маанилүү элементтерден - материалдык жана процессуалдык - тургандыгын эске алганда, анда тутумдук түзүмдүк усул бир канча оңтойлуу.

Анткени жеке айыптоо институту кылмыш куугунтунугунун тутумунда бир өз алдынча институт катары бирдиктүү обочолонгон ченемдерден турган мамилелерди жөнгө салуучу механизм болсо, экинчи жагынан алганда, жеке айыптоо институту эки түзүмдөн: материалдык укуктук жана процессуалдык укуктук негизден тургандыгы ачыкталат.

Жеке башталыштардагы процесстерди таанууда усулдук жактан жандашуу өзгөчө манилүү. Ар кандай усулдарды колдонуу менен бир эле предметти изилдөөдөн ар кандай натыйжаларды күтсө болот.

Азыркы мезгилдеги процессуалдык укуктагы реформалар жаңыча жандашууну, оригиналдык чечимдерди кабыл алууга түрткү берүүдө.

Бул өз кезегинде процессуалдык укук теориясынын таанымында жаңы усулдар менен бирдикте жаңы көз караштардын концепцияларды алдыга сүрөөгө шарт түзүүдө.

Ошону менен бирге, жеке айыптоонун сыпаттоочу маанилүү маселелерди ар тараптуу толук кандуу изилдөөгө алуу зарыл.

Мына ошондуктан жеке айыптоону изилдөөдө тутумдук-түзүмдүк жана институционалык жандашуу бир топ артыкчылыктуу. Анткени жеке айыптоо институнун изилдөөдө аны жалпы процессуалдык мыйзам тутумунда изилдөө бир жактуу нукка бурулуудан сактап, жазык процессинин жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү менен кароо менен бирдикте жеке айыптоону кылмыш куугунтугунда жалпы ачык, жеке ачык айыптоо менен өз ара байланышта изилдөөгө жардам берет.

Институционалдык жандашуу жеке айыптоо институтунун мазмундук жактарын анын сандык жана сапаттык жактарын, башка институттар менен өз ара катышын жана чогуу аракеттенүүсүнө шарт түзөт. Тактап айтканда, жеке айыптоо жалпы ачык айыптоо менен бирдикте кылмыш куугунтугуна алуу менен жарандардын укук жана эркиндиктерин коргоого шарт түзөт. Ошону менен бирдикте, жеке айыптоонун, жеке ачык айыптоо менен өз ара байланышын толук ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Жеке айыптоо институтунун теориялык укуктук концепцияларын талдоого алууда анын эки элементтен материалдык жана укуктук жактарын өз алдынча кароо аркылуу жеке айыптоо институнун мазмунун толук кандуу ачып берүүгө мүмкүн.

Дагы бир өзгөчөлүк катары айта кетүүчү маселе - жеке айыптоонун материалдык укуктук негиздери жалпы ачык , ачык айыптоонун материалдык укуктук негиздеринин сандык сапаттык айырмачылыктары бар экендиги. Эреже катары сандык жагынан алганда жеке айыптоо боюнча козголуучу кылмыш түрлөрүнүн саны бир аз гана экендигин айта кетүү зарыл. Ал эми сапаттык жагынан алганда коомго коркунучтуулук даражасы бир кыйла төмөн болгон кылмыштар экендиги ачыкталат.

Коомго коркунучтуулук деңгээлинин бир канча кыйла төмөндүгү боюнча окумуштуулардын көз-караштары бир канча чар жайыттуу болуу менен бирдикте кээде карама-каршы көз- караштар бар экендигин айта кетүү орундуу. Негизинен алганда жеке айыптоонун кылмыш укуктук негиздерине кол салуу чөйрөсү (жеке кызыкчылыктар),кылмыш даражасы (чоң коркунуч келтирбеген,анчалык оор эмес кылмыштар) кирет.

С.И. Катькало, В.З. Лукашевичтин[*Катькало С.И., Лукашевич В.З. Судопроизводство по делам частного обвинения. Л., 1972.С.139*] ойлору боюнча, «көптөгөн мамлекеттердин кылмыш кодексинде жеке айыптоо менен куугунтукка алынуучу кылмыштан кем калбаган коомго коркунучтуулугу бар жосундар каралган. Бирок мыйзам чыгаруучулар аларды бир канча кичине коомго коркунучтуулугу үчүн жеке айыптоого киргизген эмес, ошону менен бирге башка жеке айыптоонун маанилүү белгилери жоктугунан киргизген эмес».

Белгилей кетүү керек,ата мекендик мыйзам чыгаруучулар дагы бул жол аркылуу багыт алышты. Мындай көрүнүштөр Казахстандын, Россиянын, Өзбекстандын процессуалдык мыйзамында орун алган.

Коомго коркунучтуулук даражасы бир катар окумуштуулар тарабынан колдоого алынган. Мисалы, белгилүү теоретик окумуштуу В.Н. Кудрявцев коомго коркунучтуулук даражасын «кылмыштуу жосундардын коомго коркунучтуулук деңгээли мамлекетке келтирүүчү зыянында же зыян келтирүү мүмкүнчүлүгүндө» деп белгилейт[*Кудрявцев В.Н. Что такое преступление. М., 1959. С. 8*].

Коомго коркунучтуулугу бир канча төмөн болгон белги жеке айыптоонун мыйзам чыгаруучу негиз кылып алган жалгыз критерийи эмес. Кылмыш кодексинде каралган кылмыштардын бир канча көпчүлүк бөлүгү коомго коркунучтуулугу төмөн кылмыштарга кирет, бирок кээ бир өзгөчөлүктөргө ээ.

Автордун ою боюнча, мыйзам чыгаруучу жеке айыптоо менен ишке ашырылышы мүмкүн болгон кылмыштар чөйрөсүн аныктаганда, кол салуунун обьектисин да эске алган.

Жогорудагы талдоо жеке айыптоо боюнча иштердин материалдык укуктук негиздерине бир гана коомго коркунучтуулугу төмөндүгүн гана эске албастан, анчалык оор эмес коомго коркунучтуулук жеке айыптоонун материалдык укуктук негиздеринде башкы орунду ээлейт, бирок жападан жалгыз негиз эмес.

Кылмыштын коомго коркунучтуулугунун сапаттык жана сандык мүнөзүн мүнөздөөчү категориялар эске алынган. Кол салуу обьектиси да эске алынган.

Мындан келип чыккандай, жазык процессиндеги жеке айыптоо институтунун материалдык укуктук негиздери төмөнкү критерийлерге жараша негизделип алынган:

а) коомдук мамилелер чөйрөсүндөгү өзгөчө жеке кызыкчылыктарды камтыйт;

б) ал жеке турмуштун кол тийбестиги менен шартталган;

в) ал жабырлануучунун эркинин автономдуулугуна негизделген жана ага көз каранды;

г) бул кылмыштар коомго коркунучтуу деңгээли боюнча бир кыйла төмөн;

д) бул кылмыштар кылмыш даражасына ылайык анчалык оор эмес кылмыштар чөйрөсүнө кирет.

Акыркы убактарда болуп жаткан укуктук реформалар, мамлекеттин декриминалдаштыруу саясаты, анын ичинде кылмыш жаза мыйзамында жана кылмыш процессуалдык мыйзамдагы олуттуу өзгөрүүлөр алып келди.

Мындай олуттуу өзгөрүүлөрдүн натыйжасында юридикалык жоопкерчиликтин, тагыраак айтканда, кылмыш жоопкерчилиги дифференциацияланып жаңы кылмыш жоопкерчилигинин түрү жоруктар жөнүндө жоопкерчилик орнотулду[*Кодекс Кыргызской Республики о проступках от 1 февраля 2017 года №18 Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 декабря 2016 года(Вступил в силу с 1 января 2019г)*].

Кылмыш жаза мыйзамындагы жеке айыптоо менен ишке ашырылуучу кылмыштар чөйрөсү жоруктар жөнүндө жоопкерчиликке таандык болду.

Жалпылап алганда, бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып төмөнкү тыянактарга токтолсо болот.

Жеке айыптоо институтун изилдөөдө жалпы диалектикалык, тарыхый укуктук, тутумдук, тутумдук түзүмдүк, тутумдук функционалдык усулдарды колдонуу менен бирдикте институционалдык жандашуу бир канча артыкчылыкkка ээ.

Жеке айыптоо өз алдынча институ катары бир тектүү, өз ара бири-бири менен байланышкан бир тектүү мамилелерди жөнгө салуу менен обочолонгон ченемдерден турат.

Жеке айыптоо институтуна тутумдук түзүмдүк жандашуу аны жалпы ачык куугунтукта бир элемент катары таанууга мүмкүнчүлүк берип анын укуктук табиятын өз алдынча институт катары кароого мүмкүнчүлүк берет.

Жеке айыптоонун институт катары таанылышына анын уюшумдук элементеринин болушу башкача айтканда аныкталган коомдук мамилелерди орнотуу жана колдоо. Анын мазмуну мүнөзү жана динамикасы уюшумдук биримдикти жана бүтүндүктү түзөт.

Жеке айыптоонун институт катары таанылышынын дагы бир мүнөздүү белгиси катары анын аныкталган коомдук мамилелер чөйрөсүндөгү (жеке

кызыкчылыктар чөйрөсүндөгү) мамилелерди орнотуу, жөнгө салуу менен, мындай мамилелерди сактоо менен коргоону колдоого алып, жарандардын укук жана кызыкчылыктар чөйрөсүндөгү коомдук талаптарын канаатандырат.

**Экинчи бап "Жеке айыптоо институнун пайда болуу жана өнүгүү эволюциясы"** эки бөлүмдөн турат.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын жазык-процессуалдык мыйзамдарында жеке айыптоо институтунун калыптануусу жана өнүгүүсү менен байланышкан коомдук мамилелер.

**Изилдөөнүн предмети** болуп, жеке айыптоо институтунун түшүнүгү, концепциялары, теориялык негиздери; жеке айыптоо институтунун тарыхый негиздери; Кыргыз Республикасында жеке айыптоо институтун жөнгө салуучу жазык-укуктук жана жазык-процессуалдык принциптери жана ченемдери саналышат.

**Изилдөөнүн методдору.** Диссертациялык изилдөөнүн методдору катары укуктук кубулуштарды жана мамилелерди изилдөөнүн жалпы методдору; жекече илимий методдор: тарыхый, салыштырмалуу-укуктук, логикалык, формалдуу-логикалык, тутумдук-түзүмдүк жана башка методдор жана илимий изилдөө ыкмалары колдонулду.

**Биринчи бөлүмдө - "Адат укугундагы кылмыш куугунтугунун жеке- укуктук башталыштары" -** жеке айыптоонун генезиси адат укугунун конткесинде талдоого алынат.

Кыргыздардын адат укугунун кээ бир маселелери Орто Азиядагы көчмөн элдердин укуктары, казактардын адат укугу, буржуазиялык же коммунистик доктриналар аркылуу изилденген.

Айыптоо, анын ичинде жеке айыптоо институтунун генезиси чөйрөсүндөгү жагдайлар көптөгөн окумуштууларды кызыктырып келген. Бул чөйрөнүн көйгөйлөрүнө, тарыхый укуктук, административдик жактан,теориялык укуктук жактан, жарандык укуктук жактан, кылмыш укуктук жактан жандашуулар бар.

Кыргыздардын адат укугун изилдөөгө өзгөчө салымды ата мекендик окумуштуулар С.К. Кожоналиев «Суд и уголовное обычное право киргизов» [*Кожоналиев С.К. Суд и обычное уголовное право киргизов» 1963 г. – Ф. С. 67.*], Б.И. Борубашев «Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства» (1855–1917 гг.) [*Борубашев. Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства (1855–1917 гг.) (Историко-правовое исследование) автореферат диссертации на соискание ученой степени доктора юридических наук. 2009 г. – Б. С. 4.*] чоң салым кошушкан.

Жогоруда аталган эмгектер айрым мүчүлүштүктөргө ээ болсо да, чоң илимий теориялык жана практикалык мааниге ээ.

Өзүнүн примитивдүүлүгүнө карабастан, кыргыздардын адат укугу тиешелүү тарыхый доордогу коомдук мамилелерди жөнгө салуучу механизм катары кызмат кылып келген.

Улуттук мыйзам актыларында жазык сот өндүрүшүнүн генезисин изилдөө азыркы мезгилдеги ата мекендик юриспруденциядагы маанилүү маселелердин бири катары саналат. Анткени, улуттук мыйзам актыларынын башаттары алардын калыптануусу жана өнүгүүсү учурдагы мыйзам актыларынын калыптанышына жана өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизбей койбойт.

Адат укугунда жазык куугунтугуна алуу үчүн доогер жеке же күбөлөрү буюмдук далилдери менен бийге кайрылган. Андан кийин бий жоопкерди анын күбөлөрүн өзүнө чакырган [*Борубашев Б.И. Галиева З.И. История государства и права Кыргызской Республики.Б.2003.с 100*]. Сот процесси эки тараптын жана күбөлөрдүн келиши менен гана башталган.

Жогоруда келтирилген жагдайлардан көрүнүп тургандай, кыргыздардын адат укугу укукбузууларды теңдештирген эмес. Аларды өз алдынча кароо мүмкүнчүлүгү каралган эмес. Мына ошондуктан жазык сот өндүрүшүндө да бул маселелер бир канча көйгөйдү жаратаарын алдын ала аныктасак болот.

Кылмыш куугунтугуна алууда алдын ала тергөөнүн жоктугу ар кандай укукбузууларды соттук өндүрүштө кароого мүмкүнчүлүк берген. Алдын ала тергөө менен соттук териштирүү биригип кеткен. Бул өз кезегинде кылмыш куугунтугун ишке ашырууда дагы өз таасирин көрсөткөн. Кыргыздардын адат укугунда кылмыш куугунтугу сотто жабырлануучунун демилгеси боюнча доосу менен козголгон.

Белгилүү окумуштуу Г.С. Загряжский мындай деп белгилейт: «Доогер катары өз укугун издеген, же болбосо башка нерседе бирдемкени издеген аталган»[ *Загряжский Г.С. О народном суде у кочевого населения Туркестанского края по обычному праву.1876. СПб. С. 202*].

Кылмыш куугунтугуна алуу менен жазык ишин козгоо далилдерди келтирүү доогердин алардын жакын туугандарынын ишенимдүү адамдарынын милдети катары таанылган.

Автордун ою боюнча, жарандык укук бузуу менен кылмыш укук бузуу арасында айырмачылык жок болсо дагы, жазык иштери жабырлануучу анын жакындары же ишенимдүү адамдары тарабынан козголгон. Бул өз кезегинде кыргыздардын адат укугунда жеке- укуктук жазык өндүрүшү орун алгандыгын ачыкка чыгарат.

Кыргыздардын адат укугундай эле, казактардын адат укугунда кылмыш иши кылмыш фактысы боюнча козголбостон, жабырлануучунун демилгеси менен гана козгологон. Мындай көз караштын изилдөөчү С.П.Вареникова да бекемдейт[*Вареникова С.П. Казахское обычное право и судопроизводство биев. Журнал LexRossica №8(117) август 2016г. с.169*].

Кыргыздардын адат укугундай эле казактардын адат укугунда да кылмыштын башка укук бузуудан айырмачылыгы болгон эмес. Алардын баары доо аркылуу иш жүзүнө ашырыла берген.

Адат укугундагы сот адилеттүүлүгүнө дагы бир канча тутумдашуу ирээтелишин 1922-жылы кабыл алынган Сибирь кыргыздарынын уставы жөнгө салган. Соттук иштер өзүнчө үч категорияга бөлүнүп , кылмыш,доо иштер жана башкарууга даттануулар катары бөлүнгөн.

Айта кетүү орундуу: адат укугунда жарандык укук бузуу менен бирге кылмыш түшүнүгүнүн олуттуу так аныкталган чектери болгон эмес. Ошол тарыхый доордогу  патриархалдык коомдук мамилелер адат укугуна да өз таасирин тийгизип, негизинен мүлктүк жана моралдык зыяндар кылмыш түшүнүгүнүн калыптануусуна шарт түзгөн.

Жазык иши боюнча куугунтук бийлердин сотунда  жеке, жеке-ачык жана ачык тартипде коюлушу мүмкүн болгон. Жеке айыптоо боюнча кылмыш иши жабырлануучунун же анын жакын туугандарынын демилгеси менен козголгон.  Ал эми бүтүндөй көчмөн урууларынын кызыкчылыгын козгогон кылмыш иштери(жайыттарды,кыштоолорду басып алуу,көп өлчөмдөгү малды айдам кетүү,аялды уурдап кетүү жана башкалар) жана таасирдүү адамдардын мүлктүк кызыкчылыктары  султандардын, бийлердин, аксакалдардын кароосуна ылайык козголгон.

Батыш Сибирь башкармалыгы тоолуу областарда башкаруу жөнүндөгү убактылуу жободо мындай деп көрсөтөт «Бийлер кылмыш иштерин чечүүгө эки учурда киришет:

а)жактардын арызы боюнча;

б)полициячылардын жана башка бийликтердин кылмыштар жана жоруктар жөнүндө билдирүүсү боюнча жеке арыздануучуларга арыздарына көз карандысыз иштер[*Культелеев Т. М.Уголовное обычное право казахов : С момента присоединения Казахстана к России до установления советскои власти / Академия наук Казахской ССР.- Алма-Ата: Издательтсво Академии Наук Казахской ССР, 1955.с. 219*].

Жогорудагы келтирилген жагдайларды эске алуу менен, автор төмөнкү тыянактарды чыгарган:

- жазык ишин козгоо, далилдерди чогултуу доогерге жүктөлгөн, бул өз кезегинде  кыргыздардын адат укугунда жеке укуктук башталыштар орун алгандыгын ачыкка чыгарат;

-  доогер тарабынан козголгон кылмыш иштери боюнча  сот тарабынан жараштыруу процедуралары каралган, бул азыркы учурдагы жазык процессиндеги жеке айыптоо боюнча иштердеги жараштыруучу процедураларына окшош;

-  кыргыздардын адат укугунда кылмыш куугунтугуна алуу  жакын адамдар же ишенимдүү адамдар тарабынан ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн караган, бул дагы өз кезегинде  аракеттеги  жазык процессуалдык  мыйзамда орун алган;

- кыргыздардын адат укугунун ченемдеринин генезиси азыркы учурдагы Кыргызстандагы жазык процессуалдык мыйзамында  дизпозитивдик принциптин жана өз ара тынымга келүү процедураларын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Экинчи бөлүмдө - “Жеке айыптоо институтунун Советтик мезгилдеги өнүгүү тенденциялары (1917-1990)” -** жеке айыптоо институтунун Совет мезгилиндеги калыптануу жана өнүгүү эволюциясы талдоого алынган.

Совет бийлигинин алгачкы мезгилдериндеги айыптоо институтун анын ичинде жеке айыптоо институтунун чөйрөсүнө кирген кылмыштар жөнүндө Борбордук Аткаруу Комитетинин 1918-жылдагы 6-октябрында кабыл алынган Кассациялык бөлүмдүн циркулярында эске алынган.

Бул актынын курамы алгачкы кылмыш укуктук мамилелерин тутумдаштыруу далалаты менен коштолуп, алгачкы жеке айыптоо менен башкача айтканда, жабырлануучунун арызы менен кылмыш куугунтугу башталышы каралган жосундар, атап айтканда, ар кандай кайым айтышуулар,ушактоо жана башка ой максаттар, басмада, сөз менен же аракет менен мазактоо коштолгон аракеттер кирген. Мындай иштер жергиликтүү соттор тарабынан жабырлануучунун жеке даттануусу аркылуу кароо каралган[*Циркуляр кассационного отдела ВЦИк от 06.10.1918г. Сборник документов-М.1955.С.58-59*].

Кылмышты куугунтуктоо жаатындагы алгачкы кодификацияланган акт катары РСФСРдин 1922-жылдагы Жазык-процессуалдык кодексин айтууга болот[*Постановление ВЦИК от 15.02.1923г.Об утверждении уголовно процессуального кодекса РСФСР.1922. СУ. №20.С230*]. Бул кодификацияланган акт баштагы ченемдерден бир канча тутумдашкандыгын, өркүндөтүлгөндүгүн байкоого болот.

Кылмышты куугунтуктоодогу бул кодификацияланган акт айыптоо институтун, анын ичинде жеке айыптоо институтун бир канча жакшыртып модернизациялоого жетишкен. Ошону менен бирдикте, айта кетүү орундуу, жеке айыптоо институту менен байланышкан түшүнүк аппараттары каралган эмес. Ошентсе дагы, жеке айыптоо институту процессуалдык кодекстен тийиштүү орун алып анын башка процессуалдык элементтер менен байланышы жана тийгизген таасири байкалат.

Ошону менен бирге, бул кодекс жалпы ачык айыптоонун атайын институттарын караган. Тактап айтканда,Мыйзамдын 8-беренеси айыптоонун сотто прокурор тарабынан колдоосу каралган. Ошону менен бирдикте, жабырлануучуга мыйзамда каралган тартипте гана айыптоо укугу берилген.

Совет бийлигинин калыптануу доорундагы кылмышты куугунтуктоо, айыптоо, анын ичинде жеке айыптоо институту бир канча чектелген мүнөзгө ээ болуусу менен бирдиктер начар тутумдашкан өз ара байланышы аз камсыздалган институт катары кароого болот. Ошону менен бирдикте, жеке айыптоону ишке ашыруу механизмдери толук иштелип чыгылбагандыгын мүнөздөөгө болот.

1923-жылда 1922-жылдагы процессуалдык кодекске өзгөртүү киргизүү учурунда кээ бир жактар жалпы ачык кылмыш куугунтугун күчөтүү көз карашын карманышкан. Мисалы, С. Хитров [*Головачук, О.С. Частное обвинение в уголовном процессе: дис. ... кандидата юрид. наук . - Екатеринбург,2001. - С. 16.*] прокурорго жабырлануучунун эркинин кандай болбогондугуна карабастан жазык ишин козгоо ыйгарымын берүү зарылдыгын алдыга сүргөн.

Жалпы ачык ишмердүүлүктүн өкүм сүрүшү бир канча узак жылдарга созулуп, 1960-жылдагы РСФСРдин Жазык-процессуалдык кодексинен[*Закон РСФСР от 27.10.1960 г. "Об утверждении уголовно-процессуального кодекса РСФСР" (вместе с кодексом) // «Ведомости ВС РСФСР». - 1960. - N 40. - С. 592.*] да бекем орун алгандыгын айта кетүү орундуу. Жеке айыптоо боюнча түшүнүк жок болсо дагы Мыйзамдын 5,27,109- беренелери жеке тартипте куугунтукка алынуучу кылмыштар чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салган.

Бул жердеги талдоо көрсөткөндөй, совет мезгилиндеги жеке айыптоо институтунун процессуалдык мыйзамдан орун алынышына таптык көз караштардын орун алышы менен жалпы ачык бийлигинин күчөтүү зарылдыгын жактаган көз караштар орун алгандыгын белгилей кетүү зарыл.

Мунун менен жаңы өзгөрүү толуктоолор жеке айыптоо институтундагы жабырлануучу менен макулдашууга жатпай турган беренелердин көлөмүн кыскартты. Айта кетүү орундуу кыскартылган беренелер макулдашууга мүмкүнчүлкүтү караган эмес.

Советтик чөлкөмдөгү өлкөлөрдө мамлекеттик монополияга негизделген процессуалдык куугунтук орун алып жазык процессиндеги диспозитивдик принцип өтө чектелип, аныкталган чекте атайын шарттардын негизинде гана жабырлануучуга берилген укуктардын негизинде жүргүзүлгөн. Жалпы жазык процессуалдык жараян мамлекеттик органдардын кароосуна кандайдыр бир деңгээлде көз каранды болуп келген.

Советтик процессуалдук укуктук доктринада формалдуу болсо дагы жазык процессиндеги жеке айыптоо башталыштары жеткиликтүү орун алган эмес. Кылмыш куугунтугунда мамлекеттик жалпы ачык айыптоо басымдуулук кылуу менен жеке айыптоо боюнча кылмыш куугунтугу көмүскөдө калып келген.

Аталган процессуалдык кодекс убактылуу Казак, Кыргыз, Карелия, Литва, Латвия, Эстон советтик республикаларында колдонууга алынган. Жеке айыптоо институтун Совет мамлекети жол бергени менен өз алдынча кылмыш куугунтугун иш жүзүнө ашыруучу механизм катары баалаган эмес. Ошол мезгилдеги мыйзам актыларын талдоо көрөсткөндөй жеке айыптоо түшүнүгү аларды ишке ашыруу механизмдери толук кандуу каралбастан жазык процессиндеги жалпы ачык куугунтуктоо менен жалпы жоболор менен чогуу каралган.

Бул мезгилдердеги жазык процессуалдык өндүрүштүн мамлекеттик приматтын же артыкчылыктын басымдуулук кылышын аныктаган. Жеке кызыкчылыктар чөйрөсү бир канча кысымдуу абалда болу менен бирдикте формалдуу гана процессуалдык формада бекилген.

Изилдөөчү З.З Талыневанын оюу боюнча, XIXчу - XXчы кылымдын баштарында жеке айыптоо институту жабырлануучунун айыптоо ишмердүүлүгү катары каралып окумуштуулар тарабынан мамлекет менен жеке инсандын арасындагы коллюзиялык кызыкчылыктардын чечмелөөчү ыкма катары балаган[*Талынева З.З. Особенности уголовного производства*

*по делам частного обвинения. Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата юридических наук.УФА.2008Г. с.16-18*].

Жазык процессуалдык мыйзамынын өнүгүүсү анын ичинде жеке айыптоо институтунун өнүгүүсүндөгү маанилүү акт катары СССРдин Жогорку Совети 1958-жылдын 25- декабрында кабыл алган ССР Союзунун сот өндүрүшүнүн негиздерин айтууга болот. Муну менен кошо союздук республикалар курамына кирген республикалар да жазык процессуалдык кодекстерин кабыл алууга шарт түзгөн.

Кыргызстандын Советтик мамлекеттер курамындагы кодификацияланган актысы катары 1960 жылдагы жазык процессуалдык кодексин айтууга болот[*Уголовно-процессуальный кодекс Киргизской ССР.Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР», 1960 года № 40, ст. 146*].

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши тарабынан 1960-жылы кабыл алынып, 1961-жылдын 1-майынын баштап күчүнө кирүүсүн караган.Бул кодификацияланган акт кылмыш куугунтугу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салуу менен бирге алдын ала иликтөө, тергөө, соттук териштирүү процесстерин жөнгө салган. СССРдин соттук өндүрүшүнүн негиздеринен мазмундук жагынын анча деле айрымаланган эмес. Ошону менен бирдикте бир топ өзгөчөлүктөргө да ээ экендигин айта кетүү орундуу.

Мыйзам актысынын маанилүү өзгөчөлүгү катары анын 5-беренесин айтууга болот. Мыйзамда каралбаган тартипте айыпталуучу катары тартууга жол берилбестиги боюнча беренени айтууга болот. Эч ким мыйзамда орнотулбаган тартиптен башка учурларда айыпталуучу катары тартылууга мүмкүн эместиги жазылат. Ошондой эле бул кодекстин 6-беренеси жазык сот өндүрүшүн жокко чыгаруучу жагдайларды белгилеген. Бул berененин 6-пунктуна ылайык жабыралунучунун айыпталуучу менен өз ара тынымга келишкендигинин негизинде жабырлануучунун арызы боюнча гана козголуучу жазык иштери боюнча жоюлган. Бул 96- березенин 2- жана 3-пункутунан башка деп жазылган.Бул березенин 7- пункту жазык сот өндүрүшүн жабырлануучунун арызы жоктугуна байланыштуу, эгерде ал иш жабырлануучунун арызы менен гана козголо турган болсо 96- березенин 3-пунктунан башка учурда жоюууга жол берген.

Жалпылап алганда, жеке айыптоо институтунун өнүгүү эволюциясында совет мезгилиндеги мыйзамдык жөнгө салуулар бул институттун негизги кээ бир жоболорун бекитүү менен бирдикте анын формалдуу процессуалдык мыйзамда сакталышын камсыз кылган.

**Үчүнчүбап “Жеке айыптоо институтунун азыркы учурдагы тенденциялары: теориялык жана укук колдонуу көйгөлөрү жана аларды жакшыртуунун жолдору”** эки бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүмдө - “Жеке айыптоонун өнүгүү тенденциялары”** - азыркы мезгилдеги жеке айыптоонун өнүгүү тенденциялары талдоого алынган.

Жыйырманчы кылымдын экинчи жарымынан баштап кылмыш жазык өндүрүшү бир катар олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду.

Бул процесстер коомдогу саясий,экономикалык, социалдык тарыхый процесстер менен байланып, анын түпкүрүндө коомдун укуктук негиздерин адам укуктары жана эркиндиктерине артыкчылык берүү, коомдук процесстерди демократизациялоо, укуктук социалдык мамлекетти куруу тенденциялары орун алды.

Совет мамлекетинен кийин мурас болуп калган бир топ мыйзама актыларын анын ичинде кылмыш кодексин, жазык процессуалдык кодекстерин жаңы концепция боюнча карап чыгуу зарылчылыгын жаратты.

Кылмыш жаза мыйзам актылар чөйрөсүндө мамилелерди жөнгө салуучу кылмыш жаза кодекси 1997-кабыл алынды [*Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза кодекси 1997-жылдын 1-октябры N 68( 2019 жылдын 1 январынан тартып күчүн жоготту).*] Ал эми 1999- жылы жазык-процессуалдык кодекси кабыл алынды [*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ 1999-жылдын 30-июну N 62(22 ноябрь 2017ж N 191 .2019 жылдын 1 январынан баштап күчүн жоготту)*].

Бул кодификацияланган актыларбир канча алдыңкы эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен бирдикте, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин баалулугунун контексинде каралгандыгын айта кетүү зарыл.

Мындай өзгөрүүлөр жазык процессуалдык сот өндүрүшүндөгү кээ бир жаңы институттардын орун алышы менен коштолуп, мамлекеттин жазык сот өндүрүшүндөгү басымдуулугун кайрадан карап чыгууга өбөлгө түздү.

Жазык процессуалдык мыйзам актылары да акыркы жылдары олуттуу өзгөртүүлөргө дуушар болууда. Мындай өзгөрүүлөрдүн бири катары жазык процессуалдык мыйзам актыларындагы жеке айыптоо институтун айтууга болот.

Бул институт Кыргызстандагы өтө жаш тармак болуу менен толук кандуу теориялык, усулдук, процессуалдык жактан иштелип чыга элек.

Ошону менен бирге, жүргүзүлүп жаткан реформаларда жазык процессуалдык мыйзам актыларында жеке айыптоо институтунун андан ары жакшыртуунун теоретикалык жана процессуалдык көйгөйлөрүнүн келип чыгышын да шарттайт.

Жалпылап алганда, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы жазык процессиндеги реформалардын натыйжасында:

- КР жазык процессуалдык мыйзамында жеке айыптоо орун алып мыйзамдык бекилди;
- жеке айыптоо институту өз ордун тапты;
- айыптоонун мамлекеттик монополиясын айрыбаштоо процесси орун алды;
- жеке кызыкчылыктар чөйрөсү бир канча автономиялуулукка ээ болду;
- жазык процессинде диспозитивдик принцип бир канча кенен колдонулду.

Азыркы мезгилде жазык процессинде жеке жана жалпы ачык укуктун катышы бир канча мааниге ээ болууда. Жазык процессии негизинен жалпы

ачык тармак анткени мамлекет жарандардын укук жана эркиндиктерин кылмыштуу жосундардан коргоого алуусу милдети болуп саналат.

Учурдагы укуктук реформалар жазык сот өндүрүшүнүн репрессивдүү усулдары менен кошо прогрессивдүү усулдарын да колдонуу зарыл экендигин, мамлекеттеги декриминализациялоо саясаты муну күбөлөндүрүүдө.

Ошону менен бирдикте жазык сот өндүрүшүндөгү жеке айыптоо институтунун кээ бир өзгөрүүлөрүнө карабастан бул институттун мүмкүнчүлүктөрү толук кандуу пайдаланылбай келе жатат.

Жазык сот өндүрүштүк практикасы бул институту колдонууда бир топ тоскоолдуктарга( административдик, укуктук уюшумдук) дуушар болууда.

Жеке айыптоо институту Европа, Америкада бир топ натыйжалуу иштеп келе жаткандыгын айта кетүү зарыл. Мындай көрүнүш бул институттун бир канча узак убакыт бою мыйзамда өкүм сүрүшү менен байланыштырууга болот.

Европада жеке айыптоо институту алгачкылардан болуп Германияда орун алгандыгын тарыхый булактар далилдөөдө.Германиянын жазык процессинде жеке айыптоо анчалык маанилүү эмес иштер боюнча жол берилип, жабырлануучунун даттануусу менен козголууга жаткан.

Ошону менен бирдикте бир канча чектөөлөр бар, эгерде соттук териштирүү учурунда коомдук кызыкчылыктар пайда болсо, жабырлануучу өзгөчө укугун жоготуп прокуратура органдары менен укугун бөлүшөт.

Жеке айыптоо боюнча Германиянын мыйзамдарына ылайык жеке турак жайдын кол тийбестиги, мазактоо, денеге зыян келтирүү, бирөөнүн мүлкүнө зыян келтирүү сыяктуу кылмыштар кирет.

Франциянын [*Боботов С. В. Правосудие во Франции. - М., 1994,- С. 149.*], Бельгиянын жазык процессуалдык мыйзамдары жеке жактардын жеке айыптоонун процесске катышуусун формалдуу жол бербейт.

Кылмыштан жабыр тарткан жактарга даттануу берүү укугу гана берилип, анын негизинде кылмыш иши козголуп, жабырлануучу жарандык доогер катары катышат [*Петер И. П. Так. Система уголовного правосудия в Нидерландах в свете новой уголовной политики//Вестн. Моск. ун-та. Сер.1 I. Право. - 1997.'- №1. - С.64.*].

Ал эми постсоветтик өлкөлөрдөгү жеке айыптоо институтуну өнүгүү тенденциялары бир канча жалпылуулуктарга ээ экендиги байкалат.

Азыркы мезгилдеги интеграциялык процесстер КМШнын, биримдигинин түзүлүшү менен бир катар бирдиктүү моделдик кодификацияланган актыларды кабыл алуу зарылчылыгын жаратууда.

2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын жазык процессуалдык кодекси дагы жеке айыптоо институтун бир канча кеңейтүү мернен бирдикте бир топ кылмыштарды жеке айыптоо менен козголуучу кылмыштар чөйрөсүнө киргизди.

2019-жылдан баштап, КР «Жоруктар жөнүндө» кодекси күчүнө кирип кылмыш жаза жоопкерчилиги дифференцияланды. Жеке айыптоо менен

козголуучу жосундар жоруктарга таандык болуп КР «Жоруктар жөнүндө»кодексиндеги каралган.

Жалпылап алганда, бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып, төмөнкү тыянактарды чыгарсак болот:

-жеке айыптоонун азыркы мезгилдеги тенденциялары жалпы укуктук тутумдун өнүгүү тенденциялары менен тыгыз байланышта болуп эле аралык укуктук стандарттардын алкагында өнүгүүсү байкалды;

-жеке айыптоонун улуттук мыйзам актыларындагы өнүгүү тенденциялары ошол өлкө тутунган укуктук системадан көз карандуулукта болгондугу ачыкка чыкты;

-жеке айыптоонун азыркы мезгилдеги өнүгүүсүнө адам укуктары жана эркиндиктеринин баалулуктарынын коомдогу деңгээлине жараша боло тургандыгы байкалды;

-жеке айыптоонун улуттук мыйзам актыларындагы өнүгүүсү мамлекеттик түзүлүш, саясий режимден көз карандуулукта экендиги ачыкка чыкты. Жеке айыптоонун чет мамлекеттердеги өнүгүү тенденциялары бир тектүү эмес, кээ биринде жалпы ачык айыптоонун басымдуулук кылышы байкалса (Франция, Бельгия, Германия), кээ бир мамлекеттерде жеке ачык айыптооун басымдуулук кылышы байкалат(Англия);

-жеке айыптоонун дуалистик мүнөздө бир эле учурда жеке, жеке ачык, жалпы ачык айыптоо аркылуу ишке ашырылгандыгы аныкталды(Австрия).

-Совет чөлкөмүнөн кийинки мезгилдеги жеке айыптоонун өнүгүшү коомдогу саясий процесстер (коомдук демократиялаштыруу, кайра куруу, укуктук мамлекетти куруу) менен тыгыз байланышта;

-жеке айыптоонун өнүгүшү эгемендүү мамлекеттердин өз алдынча улуттук мыйзам актыларыны кабыл алуусу менен шартталган (бул мезгил 1990-2000 жылдар аралыгы);

-Көз карандысыздык мамлекеттеринин курамына кирген өлкөлөрдүн укук тутумунда жеке башталыштар орун алгандыгын, ошону менен мамлекеттин жалпы ачык айыптоосунун ажырымы менен коштолгон;

-КМШ мамлекеттеринин укук тутумундагы ачык айкын жеке айыптоонун өнүгүү тенденциясы катары КМШ мамлекеттеринин кылмыш чөйрөсүндөгү мамилелерди укуктук жөнгө салууда жеке укуктук жана жалпы ачык укуктук жөнгө салуунун конструктивдүү эффективдүү тутумунун өнүгүү тенденциялары орун алгандыгы саналат;

-КМШ мамлекеттерине кирген(Россия, Казахстан, Беларусь, Кыргызстан) өлкөлөрүндөгү жеке айыптоонун негизги концептуладык жоболорунда бир канча жалпылуулуктар-материалдык жана процессуалдык укуктук негиздердин болушу, жеке мүлктүк эмес кызыкчылыктар чөйрөсү, кылмыш даражасынын анчалык коомго коркунучтуу төмөндүгү,өз ара тынымга келүү процедураларынын орун алышы, жабырлануучунун субьективдүү оюнун, эркинин автономиялуулугу, макулдашуу аркылуу жазык өндүрүшүн жоюунун орун алышын айтууга болот;

-КМШ мамлекеттерине кирген (Россия, Казахстан, Беларусь,Кыргызстан) мамлекеттеринин жазык сот өндүрүшүндөгү айырмачылыктарга мүнөздүү болгон материалдык укуктук негиз башкача айтканда жеке айыптоо менен куугунтукталуучу кылмыштар курамы, жазык ишинин жоюлуу процедураларында орун алган;

-КМШ мамлекеттерине кирген(Россия, Казахстан, Беларусь,Кыргызстан) мамлекеттериндеги жеке башталыштар бир канча дифференцияланган(жеке, жеке-ачык) формада каралган;

-Жеке айыптоо институтунун бир канча олутуу өзгөчөлүгү катары Кыргызстанда акыркы мезгилдеги кылмыштуулукту декриминализациялоо саясатынын натыйжасында каралган жаңы кылмыш укукбузуунун түрү болгон жоруктар жеке айыптоо менен куугунтукка алынары каралган.

Кыргызстандын укук тутумунда жеке айыптоо институтунда жеке башталыштар өз алдынча социалдык институт катары орун алып жазык сот өндүрүшүнүн милдеттерин аткарууда татыктуу орунга ээ болду.

**Экинчи бөлүмдө - "Жеке айыптоо институтунун көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун жолдору"** - жеке айыптоонун учурдагы көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун жолдору каралган.

Азыркы мезгилде Кыргызстандын укуктук тутумундагы реформалар укук тутумундагы тармактарды институттарды бир канча өзгөртүү толуктоолор менен бирдикте бир канча жаңы багыттагы чечимдерди кабыл алууну шарттады.

Негизги укуктук саясаттын багыттарынын бири болуп, кылмыш укуктук мамилелер чөйрөсүн жөнгө салуучу ченемдерди декриминализациялоого багытталып, бир топ алдыга карай жылуулар байкалгандыгы сезилүүдө.

Жеке айыптоо боюнча азыркы мезгилдеги өнүгүү тенденциялары көрсөткөндөй, жеке жана жалпы ачык айыптоонун арасындагы катыштын оптималдуу чегин аныктоо зарылчылыгы жатат. Анткени, бир эле жакка ашыкча ооп кетүү каралса, анын натыйжасындагы кесепеттер орду толгус натыйжаларды алып келет.

Көптөгөн Европа мамлекеттеринде жеке айыптоо институту бир канча натыйжалуу иштөө менен кылмыш процессуалдык функцияларды аткарып келүүдө.

Тилекке каршы,ата мекендик юридикалык практикадагы жеке айыптоо институтунун натыйжалуулугу боюнча мониторинг жок, өз алдынча бул иштер боюнча өндүрүштүн статистикасы сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрү изилденбей келе жатат.

Жыл сайын берилүүчү статистикалык баяндамаларда жалпы эле соттолгондордун, алардын курагы, кылмыш курамдары боюнча статистикалык маалыматтар орун алган.

Эгерде бир жыл ичинде бул институт аркылуу куугунтукка алынган, жоопкерчиликке тартылган, өз ара тынымга келишкен, айыптоодон баш тарткан тууралуу статистикалык маалымат болгондо, жеке айыптоо институтунун механизмдеринин өз алдынча иштегендигин баалоого, анын

негизинде тыянактарды чыгарууга, оң жана терс жактарын аныктоого мүмкүн болот эле.

Мына ошондуктан, жыл сайын берилүүчү кылмыштуулук боюнча статистикалык маалыматтарда жеке айыптоо боюнча өз алдынча статистикалык маалыматтын болушу зарыл. Бул маалыматты бир канча параметр аркылуу аныктоо зарыл аларга;

Жеке айыптоо менен козголгон иштердин жалпы саны, козголуудан баш тартылган, өз ара тынымга келген, соттук чечимдердин саны тууралуу маалымат камтылуусу зарыл.

Жеке айыптоонун маанилүү көйгөйү катары анын материалдык укуктук негиздери саналат. Жеке айыптоо боюнча кылмыштар чөйрөсүн аныктоо азыркы мезгилдеги бир канча талаш тартыштуу суроолорду жаратууда, бул боюнча окумуштуулардын көз караштары бир тектүү эмес.

Биринчи көйгөй катары кылмыштардын коомго коркунучтуулук деңгээлинин төмөндүгү бул көз карашты бир канча окумуштуулар карманышат (М.С. Строгович, Н.Н Полянский,И.М. Гальперин.)

Ошону менен бирдикте, окумуштуу К.Ф. Гуценко, В.В Дорошков бир гана кылмыштын коомго коркунучтуу даражасы, жабырлануучунун оюу боюнча жеке айыптоо иштерин таандык кылуу жетишсиз деп белгилейт.

Мындан келип чыккандай, коомго коркунучтуулук даражасы абсолюттук түшүнүк эмес, салыштырма түшүнүк болуп, кылмыштуу жосундардын дифференцациясынан да көз каранды. Бул орунда жаңы колдонгууга кирген кылмыштуу жоруктар чөйрөсү бул көйгөйдү кандайдыр бир деңгээлде чечүүгө шарт түздү.

Жеке ачык айыптоо боюнча кылмыштардын материалдык укуктук негиздерин эске алууда кол салуунун обьектиси өзгөчө обьектилер экендигин эске алсак, бул критерий бир канча толук кандуураак көрүнөт жана колдоого татыктуу.

Автордун оюу боюнча, жеке айыптоонун материалдык укуктук негиздерин эске алууда криминологиялык күнөөнүн да формасын эске алуу бул чөйрөдөгү кылмыштардын тизмегин мындан ары да кеңейтүүгө шарт түзөт.

Жеке айыптоо иштериндеги процессуалдык көйгөйлөрдүн ичинен окумуштуулар кээ бир топ жагдайларды бөлүп карашат.

Алардын бири катары жазык процессуалдык аракет жөндөмдүүлүк бир канча талаш тартыштуу экендигин айта кетүү зарыл. Бул орунда жашы жете электердин мыйзамдуу өкүлчүлүктөрү боюнча көйгөй орун алган.

Бул боюнча окумуштуулардын көз-караштары азыркы мезгилдеги анын толук кандуу эместиги чектелген, аракет жөндөмдүүлүгү жок жактардын укуктарын толук түрдө камсыз кыла албайт деген ойду карманышат.Азыркы мезгилдеги жазык сот өндүрүшүнүн гумандуулук тенденциясына жооп берип максатка ылайыктуу деп табылган.

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын жоболорун «он алты жаштан төмөн жактар өздөрүнүн аракеттеринин фактылай мүнөзүн толук аңдап билиши мүмкүн, жашы 14 жашка жетпеген жашы жетпеген жеке

айыптоо боюнча жазык ишин козго укугу берилиш керек дейт» [*Конвенция “О правах ребенка (одобрена Генеральной Ассамблеей ООН 20.11.1989*].

Жогорудагы айтылгандарды эске алып, жашы жетпеген жабырлануучунун жазык процессуалдык аракет жөндөмдүүлүгүн 16 жаштан орнотуу зарыл.

Жеке айыптоодогу дагы бир маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп, жеке айыптоодогу түшүнүк аппараттарынын толук кандуу иштелип чыгылбагандыгы жеке айыптоону ишке ашырууда, анын теоретикалык концепцияларын иштеп чыгууда бир канча тоскоолдук кылып жаткандыгы анык.

Автордун ою боюнча, жеке айыптоо боюнча “кылмыш доосу”,”кылмыш укуктук бүтүм”,”жазык процессуалдык бүтүм” деген түшүнүктөрдү киргизүү зарыл.

Тилекке каршы, жеке айыптоочунун процессуалдык статусу жаңы процессуалдык мыйзамда өз алдынча берилген эмес. Анын укуктук статусун жабырлануучунун укуктук статусу менен чогуу кароо бир канча максатка ылайыксыз. Анткени, жеке айыптоочу жорук жана кылмыш боюнча куугунтукка алуу формасында процесске катышып өзүнүн укук жана эркиндиктерин коргойт.

Жеке айыптоочунун процессуалдык мыйзамдагы укуктук статусун өз алдынча бөлүп кароо зарылчылыгына төмөнкү аргументтерди келтирсек болот:

а) жеке айыптоочу кылмыш куугунтугун өз алдынча ишке ашырат;

б) айыптоону колдойт же колдоодон баш тарат;

в) айыптоону колдоо менен далилдөө түйшүгү жеке айыптоочуга жүктүлөт жана далилдерди чогултуу боюнча процессуалдык укуктары тергөөчүгө караганда чектелген;

г)жеке айыптоочу өз ара тынымга келүү укугуна ээ;

д) жеке айыптоо жеке айыптоочунун демилгеси менен гана козголуп жазы процессинин ар кандай баскычтарында токтотулушу мүмкүн.

Мына ошондуктан жазык процессуалдык мыйзамда жеке айыптоо боюнча алдын ала иликтөө жүргүзүү укугун кароо бир канча максатка ылайыктуу. Бул функцияны алгачкы иликтөө органдары ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү бар. Бул өз кезегинде жеке айыптоочунун укуктарын кемсинтпейт. Тескерисинче, жазык процесстик куугунтуктароруктарды, кылмыштарды ар тараптуу обьективдүү алдын ала иликтөөгө тергөөгө шарт түзүү менен мыйзамдуулуктун сакталышына көмөк берет.

Азыркы мезгилдеги декриминалдаштыруу саясаты жазык процессуалдык мамлелерди репрессивдүү багыттан, өз ара компромистүү багытка буруу үчүн диспозитивдик усулду негиз кылып алуу бир канча артыкчылыктуу.

## ТЫЯНАКТАР

Кыргыз Республикасынын жазык-процессуалдык мыйзамдарында жеке айыптоо институтунун калыптанышынын жана өнүгүшүнүн тарыхый, укуктук жана теориялык негиздерин изилдөөнүн натыйжасында төмөнкү **негизги тыянактар** чыгарылды:

1. Жеке айыптоо институтунун маңызы жана мазмуну төмөндөгү мүнөздөмөдө орун алышат.

Биринчиден, жеке айыптоо жалпы айыптоо менен тыгыз байланышта.

Экинчиден, ал өзүнчө топтогу мамилелерди жөнгө салат.

Үчүнчүдөн, жабырлануучунун демилгеси менен гана козголот.

Төртүнчүдөн, өз ара тынымга келүү мүмкүнчүлүктөрү каралган.

2. Жеке айыптоо өзгөчө кылмыштык куугунтуктоонун бир формасы катары диспозитивдик башталыштарга ээ болуу менен жабырлануучунун, анын өкүлдөрүнүн эркинин автономиясына ээ болгон, процессуалдык мыйзамда каралган тартипте аныкталган кылмыш категориялары боюнча сотто официалдуу айыптоону колдоо ишмердүүлүгүн туюндурат.

Жеке айыптоого төмөнкүлөр мүнөздүү;

-материалдык жана процессуалдык укуктук табияттын болушу;

- жазык куугунтугундагы өз ара жарышуучулуктун орун алышы;

-жеке кызыкчылыктар чөйрөсүнүн болушу;

-мамилелерди жөнгө салууда жалпы ачык айыптоодон өз алдынча болушу;

-жабырлануучуга карата жасалган жосундардын коомго коркунучтуу деңгээлинин төмөндүгү;

-тараптардын өз ара тынымга келүү мүмкүнчүлүктөрүнүн каралышы;

-жабырлануучуга карата жасалган жосунга баа берүүдө анын субьективдүү оюнун билдирүү зарылдыгы саналат.

Ошону менен бирге, жеке айыптоонун усулдук жандашуусуна жана теориялык укуктук концепциялары боюнча теориялык көз-караштарды талдоо менен бирге, окумуштуулардын көз-караштарынын жалпылоочу мүнөзү менен айрымалоочу белгилерди талдап, анын натыйжасында азыркы мезгилдеги жеке айыптоонун концепциялык негиздерин аныктоого мүмкүн болду.

3. Жеке айыптоонун материалдык-укуктук концепцияларын талдоо төмөнкү жыйынтыктарга алып келди:

-материалдык укуктук негиз процессуалдык форманын ажырагыс каражаты катары кызмат кылат. Башкача айтканда, материалдык укук бузулмайынча процессуалдык укукту ишке ашырууга мүмкүн эмес;

-жеке айыптоо боюнча кылмыштар чөйрөсүн мыйзам чыгаруучу аныктоодо маанилүү болгон үч аспектиге басым жасаган: биринчиси- коомго коркунучтуулук даражасы,экинчиси - кол салуу обьектиси,үчүнчүсү - кол салуу боюнча жабыр тарткан жактын субьективдүү оюу;

- бул жерде айта кетүү орундуу коомго коркунучтуулук даражасы шарттуу негиз. Анткени, жеке айыптоо менен козголуучу аныкталган

кылмыштардан башка кылмыштар да коомго коркунучтуулугу жагынан бир канча төмөн болгон кылмыштар орун алган;

- башка өлкөлөрдөн айрымаланып улуттук мыйзам актыларында жеке айыптоо боюнча укукбузуулар чөйрөсү кылмыштарга эмес «жоруктарга» кирет;

- жеке кызыкчылыктар чөйрөсү бир топ маанилүү орунду ээлейт;

- жеке айыптоодогу кол салуу айкын жакка багытталгандыгы менен мүнөздөлөт. Негизинен, бул укук бузуулар чөйрөсүнө турмуш тиричилик чөйрөсүндөгү укукбузуу жоруктарына кирет.

4. Жеке айыптоонун теориялык-процессуалдык концепцияларын талдоо төмөнкү натыйжаларды берди:

-жеке айыптоо боюнча куугунтукка алуу диспозитивдүү усул аркылуу жөнгө салынган;

-жеке айыптоо боюнча ишти козгоо жабырлануучунун эркинин автономиялуулугуна ээ;

-жеке айыптоо боюнча даттанууну эки формада түздөн түз (жабырлануучу өзү) кыйыр формада (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан ишке ашырылат;

-жеке айыптоонун процессуалдык теорияларда камтылган субцидиардык айыптоого мүнөздүү элементтерди камтыйт, жабырлануучунун мүмкүнчүлүгү толук кандуу жетишсиз болгондо прокурор тарабынан коргого алынышы жеке ачык айыптоо формасы;

-жеке айыптоонун маанилүү белгиси катары өз ара тынымга келүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу саналат;

-алдын ала тергөө милдеттүү эмес;

- репрессивдүү эмес, прогрессивдүү мазмунга ээ.

5. Кыргыздардын адат укугундагы жекече укуктук башталыштар бир канча маанилүү төмөнкү тыянактарды чыгарууга шарт түздү:

- жазык ишин козгоо, далилдерди чогултуу доогерге жүктөлгөн, бул өз кезегинде кыргыздардын адат укугунда жеке укуктук башталыштар орун алгандыгын ачыкка чыгарат;

- доогер тарабынан козголгон кылмыш иштери боюнча сот тарабынан жараштыруу процедуралары каралган, бул азыркы учурдагы жазык процессиндеги жеке айыптоо боюнча иштердеги жараштыруучу процедураларына окшош;

- кыргыздардын адат укугунда кылмыш куугунтугуна алуу жакын адамдар же ишенимдүү адамдар тарабынан ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн караган, бул дагы өз кезегинде аракеттеги жазык процессуалдык мыйзамда орун алган;

- кыргыздардын адат укугунун ченемдеринин генезиси азыркы учурда Кыргызстандагы жазык процессуалдык мыйзамында диспозитивдик принциптин жана өз ара тынымга келүү процедураларын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Жалпылап алганда, жеке айыптоо институнун өнүгүү эволюциясында Совет мезгилиндеги мыйзамдык жөнгө салуулар бул институттун негизги кээ

бир жоболорун бекитүү менен бирдикте анын формалдуу процессуалдык мыйзамда сакталышын камсыз кылган.

Ошону менен бирге, жазык ишин куугунтуктоо боюнча мыйзам актылары кодификацияланып бир канча тутумдуу мүнөзгө ээ болгондугун айта кетүү зарыл.

6. Жеке айыптоо институтунун азыркы мезгилдеги өнүгүү тенденцияларын талдоо төмөнкү жыйынтыктарга алып келди:

-жеке айыптоонун азыркы мезгилдеги тенденциялары жалпы укуктук тутумдун өнүгүү тенденциялары менен тыгыз байланышта болуп эле аралык укуктук стандарттардын алкагында өнүгүүсү байкалды;

-жеке айыптоонун улуттук мыйзам актыларындагы өнүгүү тенденциялары ошол өлкө тутунган укуктук системадан көз карандуулукта болгондугу ачыкка чыкты;

-жеке айыптоонун азыркы мезгилдеги өнүгүүсүнө адам укуктары жана эркиндиктеринин баалулуктарынын коомдогу деңгээлине жараша боло тургандыгы байкалды.

Жеке айыптоонун улуттук мыйзам актыларындагы өнүгүүсү мамлекеттик түзүлүш, саясий режимден көз карандуулукта экендиги ачыкка чыкты.

Көз карандысыздык мамлекеттеринин курамына кирген өлкөлөрдүн укук тутумунда жеке башталыштар орун алгандыгын, ошону менен мамлекеттин жалпы ачык айыптоосунун ажырымы менен коштолгон.

КМШ мамлекеттеринин укук тутумундагы ачык айкын жеке айыптоонун өнүгүү тенденциясы катары КМШ мамлекеттеринин кылмыш чөйрөсүндөгү мамилелерди укуктук жөнгө салууда жеке укуктук жана жалпы ачык укуктук жөнгө салуунун конструктивдүү эффективдүү тутумунун өнүгүү тенденциялары орун алгандыгы саналат.

КМШ мамлекеттерине кирген (Россия, Казахстан, Беларусь, Кыргызстан) өлкөлөрүндөгү жеке айыптоонун негизги концептуладык жоболорунда бир канча жалпылуулуктар-материалдык жана процессуалдык укуктук негиздердин болушу, жеке мүлктүк эмес кызыкчылыктар чөйрөсү, кылмыш даражасынын анчалык коомго коркунучтуу төмөндүгү,өз ара тынымга келүү процедураларынын орун алышы, жабырлануучунун субьективдүү оюнун, эркинин автономиялуулугу, макулдашуу аркылуу жазык өндүрүшүн жоюунун орун алышын айтууга болот.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкү **практикалык сунуштарды** иштеп чыгууга негиз түзүштү:

1. Жеке айыптоо институтун жөнгө салуу принциптерин жакшыртуу максатында, жеке айыптоонун заманбап өнүгүү тенденцияларын талдоонун негизинде жеке жана жалпы коомдук айыптоонун ортосундагы катышынын оптималдуу чегин аныктоо сунушталат. Анткени айыптоодо тигил же бул

тарапка чектен сырткары ийип кетүү оңолгус кесепеттерге алып барышы мүмкүн.

2. Кылмыштуулук боюнча жыл сайын түзүлүүчү жана жарыялануучу статистикалык маалыматтын алкагында жеке айыптоо боюнча өзүнчө маалыматтык статистиканы түзүү сунушталат.

Куугунтуктардын, жоопкерчиликке тартуулардын, өз ара келишим боюнча токтотуулардын, жеке айыптоо боюнча кылмыш козгоодон баш тартуулардын саны тууралуу жылдык статистикалык маалыматтын болушу жеке айыптоо институтунун механизмдеринин көз карандысыздыгына баа берүү менен, тиешелүү тыянактарды чыгарганга, анын оң жана терс жактарын аныктаганга негиз түзөт.

3. Заманбап жазык сот өндүрүшүн гумандаштырууга шайкеш келген мүмкүнчүлүгү, аракет жөндөмдүүлүгү чектелген тараптардын укуктарын толук бойдон камсыз кылуу максатында жашы жете элек жабырлануучунун жазык-процессуалдык аракетти козгоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кыла турган жашын 16 жаш деп белгилөө сунушталат.

4. Жазык-процессуалдык мыйзамдарда жеке айыптоо боюнча алдын ала тергөө жүргүзүү укугун бекитүү сунушталат. Бул функцияны алдын ала тергөө органдары аткара алышат. Муну менен жеке айыптоочунун укуктары чектелбейт. Тескерисинче, кылмыштык куугунтуктоо мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылууга, кылмыштарды жана жосундарды алдын ала ар тараптуу жана объективдүү тергөөгө түрткү берет.

## Диссертациянын темасы боюнча
## ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. **Кушбаков,** Ч.З. Категория небольшой тяжести и менее тяжкости преступлений как один из материально-правовых основ частного обвинения. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков// International conference on modern researches in science and technology: Conference Proceedings, January 31th, 2017, Berlin, Germany: Scientific public organization “Professional science”, - 2017. - 541-546 p.

2. **Кушбаков,** Ч.З. Жеке айыптоо институтунун материалдык-укуктук негиздери. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков// Наука образование и техника. – Ош, 2016. №3-4.- С.121-124.

3. **Кушбаков,** Ч.З. Кыргыз Республикасынын жазык процессуалдык мыйзамдагы жеке айыптоо институтунун бекилиши. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков// Наука образование и техника. – Ош, 2016. №3-4.- С.124-127.

4. **Кушбаков,** Ч.З. Частно-правовые начала уголовного преследования в обычном праве кыргызов. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков// Вопросы современной юриспруденции: сборник статей по матераилам LXVI междунар. науч.-практ. конф. № 10(60). – Новосибирск: СибАК, 2016. – С. 117-121.

5. **Кушбаков,** Ч.З. Некоторые демократические формы уголовного преследования в обычном праве кыргызов. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков// Вопросы

современной юриспруденции: сборник статей по матераилам LXVI междунар. науч.-практ. конф. № 10(60). – Новосибирск: СибАК, 2016.– С. 47-51.

6. **Кушбаков,** Ч.З. Кыргыз Республикасындагы жазык процессиндеги жеке айыптоо институтунун пайда болушу жана өнүгүшү. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков// Наука и новые технологии

7. **Кушбаков,** Ч.З. Судопроизводство по обычному праву кыргызов и влияние мусульманского права шариата. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков//«Евразийское Научное Объединение»/Москва, № 9 (67). - Сентябрь, часть№4.- 2020.- С.257-259.

8. **Кушбаков,** Ч.З. Актуальные вопросы исследования института частного обвинения в современных условиях. [Текст]/ Ч.З. Кушбаков//«Евразийское Научное Объединение»/Москва, № 9 (67). - Сентябрь, часть№4.- 2020.- С. 365-367

**Кушбаков Чыңгыз Замирбековичтин “Кыргыз Республикасынын жазык-процессуалдык мыйзамдарында жеке айыптоо институтунун калыптанышы жана өнүгүшү (тарыхый, укуктук жана теориялык негиздери)” аттуу темадагы 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** айыптоо, жеке айыптоо, Конвенция, жабырлануучу, айыптоочу, макулдашуу, жазык процесси, кылмыштык куугунтуктоо, айыпталуучу, жазык-процессуалдык мыйзамдары.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын жазык-процессуалдык мыйзамдарында жеке айыптоо институтунун калыптануусу жана өнүгүүсү менен байланышкан коомдук мамилелер.

**Изилдөөнүн предмети** болуп, жеке айыптоо институтунун түшүнүгү, концепциялары, теориялык негиздери; жеке айыптоо институтунун тарыхый негиздери; Кыргыз Республикасында жеке айыптоо институтун жөнгө салуучу жазык-укуктук жана жазык-процессуалдык принциптери жана ченемдери саналышат.

**Изилдөөнүнмаксаты** болуп, Кыргыз Республикасында жеке айыптоо институтунун пайда болуу жана өнүгүү эволюциясынын теориялык жана укуктук негиздерин, анын заманбап тенденцияларын аныктоо жана аны жөнгө салуу механизмин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

**Изилдөөнүн методдору.** Диссертациялык изилдөөнүн методдору катары укуктук кубулуштарды жана мамилелерди изилдөөнүн жалпы методдору; жекече илимий методдор: тарыхый, салыштырмалуу-укуктук, логикалык, формалдуу-логикалык, тутумдук-түзүмдүк жана башка методдор жана илимий изилдөө ыкмалары колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен аныкталат: биринчиден, жеке айыптоо түшүнүгүнүн автордук аныктамасы берилди; экинчиден, жеке айыптоонун институционалдык мүнөзү негизделди; үчүнчүдөн, жеке айыптоонун спецификалык белгилери ачыкталды жана аныкталды; төртүнчүдөн, жеке айыптоо институтунун совет мезгилиндеги өнүгүү тенденциялары негизделди; бешинчиден, жеке айыптоо институтунун заманбап өнүгүүсү мамлекеттик-укуктук специфика менен тыгыз айкалыштыгы негизделди; алтынчыдан, жеке айыптоо институтунун көйгөйлөрүнүн материалдык жана процессуалдык аспекттери ачыкталды жана негизделди; жетинчиден, жеке айыптоо институтун жөнгө салуу принциптерин жакшыртуу боюнча бир катар практикалык сунуштар иштелип чыгарылды.

**Колдонуу боюнча сунуштамалар.** Теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштар жазык-процессуалдык укуктун теориясын мындан ары өнүктүрүүдө; Кыргыз Республикасында укук коргоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырууда; мамлекеттик укуктук саясатты жакшыртууда; жогорку окуу жайларындагы окуу процессинде, анын ичинде «Укуктун теорияся», «Укуктун тарыхы», «Жазык укугу», «Жазык-процессуалдык укугу» курстарын өтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы: жазык-процессуалдык** укуктун теориясын өнүктүрүү; укук коргоо ишмердүүлүгү; мамлекеттик укуктук саясат; жождордогу окуу процесси.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Кушбакова Чынгыза Замирбековича на тему «Становление и развитие института частного обвинения в уголовно-процессуальном законодательстве Кыргызской Республики (исторические, правовые и теоретические основания)» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности: 12.00.01-теория и история права и государства; история учений о праве и государстве.**

**Ключевые слова**: обвинение, частное обвинение, Конвенция, потерпевший, обвинитель, соглашение, уголовный процесс, уголовное преследование, обвиняемый, уголовно-процессуальное законодательство.

**Объект исследования–** общественные отношения, связанные со становлением и развитием института частного обвинения в уголовно-процессуальном законодательстве Кыргызской Республики.

**Предметом исследования** являются понятие, концепция, теоретические основы института частного обвинения; исторические основания института частного обвинения; уголовно-правовые и уголовно-процессуальные принципы и нормы, регулирующие институт частного обвинения в Кыргызской Республике.

**Целью исследования**являютсяопределение теоретических и правовых основ возникновения и эволюции развития института частного обвинения в Кыргызской Республике, современных тенденций его развития и выработка практических рекомендаций по совершенствованию механизмов его регулирования.

**Методы исследования:** общие методы, используемые для исследования правовых явлений и отношений; частно-научные методы: исторические, сравнительно-правовые, логические, системно-структурные, формально-логические и другие методы.

**Полученные результаты и их научная новизна** заключается в том, что, во-первых, сформулировано авторское определение понятия частного обвинения; во-вторых, обоснован институциональный характер частного обвинения; в-третьих, выявлены и индентифицированы специфические признаки частного обвинения; в-четвертых, обоснованы тенденции развития института частного обвинения в советский период; в-пятых, обоснована сопряженность современного развития института частного обвинения с государственно-правовой спецификой; в-шестых, выявлены и обоснованы материальные и процессуальные аспекты проблем института частного обвинения; в-седьмых, выработан ряд практических рекомендаций по совершенствованию принципов регулирования института частного обвинения.

**Рекомендации по использованию.** Теоретическиеположения, выводы и практические рекомендации могут быть использованы в дальнейшем развитии теории уголовно-процессуального права; для повышения эффективности правоохранительной деятельности в Кыргызской Республике; в совершенствовании государственной правовой политики, национального законодательства, учебном процессе в вузах, в частности, при преподавании курсов «Теория права», «История права», «Уголовное право», Уголовно-процессуальное право».

**Область применения:** развитие теории уголовно-процессуального права; правоохранительная деятельность; государственно-правовая политика, учебный процесс в вузах.

**Summary**

**Theses of Kushbakov Chyngyz Zamirbekovich on the topic "Formation and development of the institution of private prosecution in the criminal procedure legislation of the Kyrgyz Republic (historical, legal and theoretical foundations)" for the degree of candidate of legal sciences in the specialty: 12.00.01-theory and history of law and state; history of doctrines about law and state.**

**Keywords**: prosecution, private prosecution, Convention, victim, prosecutor, agreement, criminal procedure, criminal prosecution, accused, criminal procedural legislation.

**The object of the research** is public relations associated with the formation and development of the institution of private prosecution in the criminal procedural legislation of the Kyrgyz Republic.

**The subject of research** is the concept, concept, theoretical foundations of the institution of private prosecution; the historical foundations of the institution of private prosecution; criminal law and criminal procedure principles and norms governing the institution of private prosecution in the Kyrgyz Republic.

The aim of the study is to determine the theoretical and legal foundations for the emergence and evolution of the development of the institution of private prosecution in the Kyrgyz Republic, current trends in its development and to develop practical recommendations for improving the mechanisms of its regulation.

**Research methods**: general methods used to study legal phenomena and relationships; private scientific methods: historical, comparative legal, logical, systemic-structural, formal-logical and other methods.

The results obtained and their scientific novelty consist in the fact that, first, the author's definition of the concept of private accusation is formulated; secondly, the institutional nature of the private prosecution is substantiated; thirdly, specific signs of private accusation have been identified and identified; fourthly, the tendencies of the development of the institution of private prosecution in the Soviet period have been substantiated; fifthly, the interconnection of the modern development of the institution of private prosecution with state-legal specifics has been substantiated; sixth, revealed and substantiated the material and procedural aspects of the problems of the institution of private prosecution; seventh, a number of practical recommendations have been developed to improve the principles of regulation of the institution of private prosecution.

**Recommendations for use.** Theoretical provisions, conclusions and practical recommendations can be used in the further development of the theory of criminal procedure law; to improve the efficiency of law enforcement in the Kyrgyz Republic; in improving state legal policy, national legislation, educational process in universities, in particular, when teaching courses "Theory of Law", "History of Law", "Criminal Law", Criminal Procedure Law ".

**Scope:** development of the theory of criminal procedure law; law enforcement activities; state and legal policy, educational process in universities.